## Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)

**Улуттук төлөм системасынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү**

### 1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

2016 - жылдын IV чейрегинде ГСРРВ системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жүгүртүү коэффициентинин 44,39 пайызга көбөйүшү байкалган, жыйынтыгында анын мааниси 1,68 чегинде түптөлгөн. Ликвиддүүлүк коэффициенти 30,24 пайызга – 0,60 чейин төмөндөгөн. Коэффиценттин мындай өзгөрүүсү системада акча каражаттардын калдыктарынын төмөндөшүнүн (20,09 пайызга) алкагында катышуучулардын операциялык күн ичинде дебеттик жүгүртүү суммасынын (15,38 пайызга) көбөйүүсүнөн улам келип чыккан. Отчеттук мезгил ичинде катышуучулардын дебеттик жүгүртүүсүнүн орточо күндүк суммасы 25,5 млрд сомду, ал эми операциялык күндүн акырына карата системадагы акча каражаттын жалпы суммасы 15,2 млрд сомду түзгөн. Бул өзгөртүүлөр 1 жана 2 графиктерде көрсөтүлгөн.

Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 1 223,35 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдин көрсөткүчүнөн 6,7 пайызга төмөн түптөлүп, негизинен Автоматташтырылган тоорук системасы (АТС) аркылуу өткөн операциялардын көлөмүнүн өзгөрүүсүнөн улам келип чыккан.

Ликвиддүүлүк деңгээлине карата төлөмдөр көлөмүнүн катышына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде <u>финансылык тобокелдиктер деңгээли</u> система ичинде жүгүртүүгө карата ликвиддүү каражаттардын жетиштүү көрсөткүчүнөн улам минималдуу бойдон калгандыгын белгилеп кетүү мүмкүн.

Катышуучулардын төлөмдөрүнүн кезекке туруп калышы системада орун алышы мүмкүн болгон финансылык тобокелдиктердин кошумча белгилеринен болуп саналат, ал катышуучунун Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинде акча каражаттарынын жетишсиздиги менен мүнөздөлөт. Отчеттук мезгил ичинде ГСРРВ системасында кезекте 1,47 млн сомго 30 минут узактыгы менен 2 төлөм катталган.

<u>Системада орун алган операциялык тобокелдиктер.</u> ГСРРВ системасынын ишине жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр операциялык күндү узартууну эске алганда жеткиликтүүлүк көрсөткүчү[1] 2016-жылдын IV чейрегинде 100,0 пайызды түзгөндүгүн көрсөткөн. Ошол эле













[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти - бул, системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык кемчиликтерден, электрэнергиясынын өчүрүлүшүнөн, системанын операциялык күнүнүн кеч ачылышынан же эрте жабылышынан улам, системадагы үзгүлтүктөр системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

учурда системанын иш регламентин узартууну эске алганда системадагы операциялык тобокелдиктин деңгээли 5,57 пайыздын чегинде түптөлгөн (өткөн мезгилдин көрсөткүчүнөн 0,97 пайызга жогору). Узартуулардын суммардык мөөнөтү 41 саат 30 минутаны түзгөн, анын ичинен ишти узартуунун максималдуу убактысы – 3 саат 45 минутаны (2016-жылдын 30-декабрында) түзгөн.

Бул бузуулар Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын ар бир айдын акыркы 3 күнүнүн ичинде бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайы чечими менен жөнгө салынат.

## 2. Пакеттик клиринг системасы

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде акча каражаттардын белгиленген камынан дебеттик таза позициянын артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. Төмөнкү графикте көрсөтүлүп тургандай эле, катышуучулар пакеттик клиринг системасы ичинде акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан да көбүрөөк каражатты резервге коюшууда.

**5-график.** 2016-жылдын 4-чейреги ичинде дебеттик таза позициянын жана анын пакеттик клиринг системасында ордун жабууга карата камдын суммардык маанисинин катышы (млн. сом)




Ошентип, отчеттук мезгил ичинде катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициясын ордун жабууга карата коюлган кам ликвиддүү каражаттардын зарыл деңгээлинен 4 эсе ашкан.

Пакеттик клиринг системасында четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 134,85 млн сом суммасында (иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 0,37 пайызы) 3 576 төлөмдү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы санынын 0,39 пайызы). Кайталанып турган референстер четке кагылган төлөмдөрдүн негизги себебинен болгон.

6 -график. 2016-ж. 4-чейреги ичинде коммерциялык банктардын четке кагылгантөлөмдөрдүн саны




1-таблица. Пакеттик клиринг системасында четке кагылган төлөмдөрдү бөлүштүрүү түрлөрү

| Себептери | *2015-ж. 4-чей.* | | *2016-ж. 3-чей.* | | *2016-ж. 4-чей.* | | *Өсүү (%)* | | *Абстрактуу түрдө өсүшү* | | *Үлүш (%)* | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *көлөмү (млн. сом)* | *саны (шт.)* | *көлөмү (млн. сом)* | *саны (шт.)* | *көлөмү (млн. сом)* | *саны (шт.)* | *көлөмү (%)* | *саны (%)* | *көлөмү (млн. сом)* | *саны (шт.)* | көлөмү | саны |
| Бардыгы | 343,4 | 4749,0 | 147,38 | 3606 | 134,85 | 3576,00 | -8,5 | -0,8 | -208,5 | -1173,0 | 99,99 | 100,00 |
| Субучастниктин туура эмес коду | 35,7 | 932,0 | 11,74627 | 957 | 15,28 | 773,00 | 30,1 | -19,2 | -20,4 | -159,0 | 11,33 | 21,62 |
| Туура эмес счет | 122,9 | 1180,0 | 20,38151 | 476 | 26,2 | 497,0 | 28,4 | 4,4 | -96,7 | -683,0 | 19,40 | 13,90 |
| Төлөмдүн ката коду | 43,9 | 817,0 | 26,64419 | 574 | 34,0 | 631,0 | 27,5 | 9,9 | -10,0 | -186,0 | 25,19 | 17,65 |
| Кайталанган референс | 71,6 | 1179,0 | 10,61372 | 449 | 27,0 | 1472,0 | 154,4 | 227,8 | -44,6 | 293,0 | 20,03 | 41,16 |
| Төлөмдүн суммасы максималдык мааниден ашуусу | 42,1 | 20,0 | 41,35797 | 17 | 21,1 | 13,0 | -48,9 | -23,5 | -20,9 | -7,0 | 15,67 | 0,36 |
| Башка төлөмдөр | 27,3 | 621,0 | 36,63414 | 1133 | 11,3 | 190,0 | -69,2 | -83,2 | -16,0 | -431,0 | 8,36 | 5,31 |
| Жалпы иштелип чыккан төлөмдөр | 32899,4 | 883304 | 31668,3 | 1094774 | 35980,6 | 924205,0 | | | | | | |
| Жалпы иштелип чыккан төлөмдөрдү четке кагылган төлөмдөрдүн иштелип чыккан төлөмдөргө карата үлүшү | *1,04%* | *0,54%* | *0,47%* | *0,33%* | *0,37%* | *0,39%* | | | *-0,67%* | *-0,15%* | | |

*<u>Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер.</u>* 2016-жылдын IV чейрегинде пакеттик клиринг системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында, системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 100 пайызды түзгөн, ал эми системада операциялык тобокелдик деңгээли 1,37 пайыз чегинде түптөлгөн. Системанын иш регламентинин узартылышы бул операциялык тобокелдиктин көрсөткүчүнө таасирин тийгизген. Катышуучулар тарабынан системанын узартуу мезгилинин суммардык убактысы 325 минутаны түзгөн, анын ичинен 81 минута эң максималдуу убакытты түзөт.




*<u>Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү</u>*. Мындагы узартуулар олуттуу мааниге ээ болгон эмес.

### 3. «Элкарт» улуттук төлөм системасы

*<u>Системадагы операциялык тобокелдиктер</u>*. Маанилүү төлөм системаларынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, *«Элкарт» улуттук төлөм системасында* жеткиликтүүлүк деңгээли 2016-жылдын IV чейрегинде 98,7 пайызды түзгөн. Программалык деңгээлде орун алган техникалык үзгүлтүктөрдөн улам, операциялык тобокелдиктер 1,22 пайызды түзгөн.




Системанын ишиндеги үзгүлтүктөр аны жаңыртуу боюнча пландык техникалык иштерине байланыштуу болгон. Бул айрым катышуучулардын убактылуу пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна жана системанын жарым-жартылай токтолушуна алып келген.

### 4. Төлөм карттарын пайдалануу аркылуу эсептешүүлөр системасында орун алган алдамчылык транзакциялар

Коммерциялык банктардан мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун чегинде алынган маалыматтарга талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында <u>алдамчылык транзакциялар боюнча</u> эсептешүүлөр системасында 2016-жылдын IV чейреги ичинде эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу аркылуу 87 шектүү операция катталган. Алардын баары алдамчылык операция катары каралган. Операциянын баа берүү суммасы 5,99 млн сомду түзгөн.

2-таблица. Банктык карттарды пайдалануу аркылуу алдамчылык ыкмалар боюнча маалымат

| *Митаамчылык ыкмасы* | *2016-ж. 1-чей.* | | *2016-ж. 2-чей.* | | *2016-ж. 3-чей.* | | *2016-ж. 4-чей.* | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* |
| **Жасалма төлөм карттар:** | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Жоготулган, уурдатылган, унутулган төлөм карттар:** | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Почта, телефон, интернет аркылуу буйрутма берүү:** | **15** | **98 910,70** | **22** | **21 327,04** | **30** | **47 138,96** | **7** | **29 904,63** |
| *-Visa* | 15 | 98 910,70 | 22 | 21 327,04 | 30 | 47 138,96 | 7 | 29 904,63 |
| **Башка транзакциялар (нак акчаларды алуу ж.б.):** | **5** | **2 463 031,60** | **6** | **94 819,81** | **511** | **5 286 613,10** | **80** | **5 958 756,30** |
| *-CUP* | - | - | - | - | 11 | 57 058,24 | - | - |
| *-Visa* | 5 | 2 463 031,60 | 6 | 94 819,81 | 500 | 5 229 554,86 | 80 | 5 958 756,30 |
| **Жалпы жыйынтыгы** | **20** | **2 561 942,30** | **28** | **116 146,85** | **541** | **5 333 752,06** | **87** | **5 988 660,93** |

Компрометация (скимминг) жана чет өлкөдөгү банкоматтардан акча каражаттарды алууда санкцияланбаган транзакциялар үчүн банктык карттардын маалыматтарын

колдонуу финансылык жоготуулардын келип чыгышынын негизги себебинен болгон. Банктар тарабынан компрометация жүргүзүлгөн түйүндөрдү аныктоо иштери жүргүзүлгөн. Компроментацияга туш болгон карттар блокко коюлган.

## 5. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук

*Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер.* 2016-жылдын IV чейреги ичинде SWIFT ишинде техникалык үзүлтүктөр катталган эмес, системанын жеткилүктүүлүк коэффициенти 98,17 пайызды түзгөн. Жеткилүктүүлүк көрсөткүчүнүн төмөндөшүнө жүргүзүлгөн алдын алуу иштери таасир эткен. Улуттук банк SWIFT ЖПТ эрежелерине ылайык жүргүзүлгөн иштер жөнүндө банк-катышуучуларды алдын ала маалымадаган. SWIFTке туташуу жана аны пайдалануу жөнүндө келишимге ылайык штаттан тышкаркы жагдайлар келип чыккан шартта коммерциялык банктар билдирүүлөрдү өткөрүү алтернативалык каражаттарын ишке пайдаланууга тийиш. SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

## 6. Системанын катышуучулары жагында төлөм системаларынын ишинин үзгүлтүксүздүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү

Банктардын отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, 2016-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын төлөм системаларынын ишинде 158 штаттан тышкаркы жагдай катталган.




Талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында маанилүү мүнөздөгү штаттан тышкаркы жагдайлардын үлүшү 3,80 пайызды түзгөн, ал эми маанилүү эместер – 96,20 пайызда түптөлгөн.

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүүгө мүмкүн:

- *энергия менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 52,53 пайызды түзгөн.




*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* тобокелдиктер олуттуу эмес, анкени банкарда финансылык чыгымдар катталган эмес. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык банктар үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу булактары менен жабдылган. Электр энергиясынын өчүрүлүшү банктардын аралыкта орнотулган айрым жабдууларын пайдаланууга кесепетин тийгизген.

- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 27,85 пайызды түзгөн.

- *Аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдууларды ишинде орун алган үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 19,62 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* бул үзгүлтүктөр финансылык чыгымдарга жол берген эмес, бирок алар кардарлардын финансылык кызмат көрсөтүүлөргө жана төлөм системасынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизүүдө. Мында, коммерциялык банктардын пайда албай калуу тобокелдиги да бар.